**11-класс. Кыргыз тили. 1-чейрек. 1-вариант.2023.**

**1. Кайсы сандын ордуна абзац коюу керек?**

Кайдасың, карааны калдайган Таласым! (1) Кусалык көөдөнүн тиреген жаш жигит өзүнө магниттей таркан, кучагы ысык Ала-Тоосуна келатат. ( 2)Карыган атасына ашыгып келатат. (3) Автобустун дөңгөлөгү чимирилип, кыргыз жергесине жакындаган сайын жүрөгү элеп-желеп. (4) Санаасы кайдадыр алып учат. (5) Талас шаарынын автобекети. (6) Автобустан атып түшүп, таза абага көөдөн керип алды.

А) 1, 3 Б) 3, 5 В)1, 5, Г)2, 4

2. **Татаал сүйлөмдүн курамында канча жөнөкөй сүйлөм бар (Тыныш белгиси коюлган эмес.)?**

Күн көзүн жырта электе чобур атын сөпөңдөтүп ар кимдин эшигин каккылаган биригадирдин да бир райборборго бир конторго бир талаага чапкылаган башкарманын да жанын жайтаптырбай турган маал.

А) 1 Б)2 В)3 Г)4

**3. Туунду тактооч катышкан сүйлөмдү тап.**

А) Ушул ырды кечке дейре созолонтуп ырдадым.

Б) Кыргызстанда алдыма киши салган жан эмесмин.

В)Байкемден ошо бойдон кабар билгени жокмун.

Г)Жайында сен келгени учум узарып жыргап каламын.

4. Морфологиялык жол менен жасалган зат атоочту белгиле.

А)орундук Б) төө тикен В) ага-ини Г) кыял

5.. Аныктоочтук милдетти аткарган сын атооч катышкан сүйлөмдү белгиле.

А) Алияга жалгыздык жанына батты.

Б)Көл үстүндөгү ак куу жалгыз жүрдү.

В)Энеси жалгыздыкты эң жаман көрчү.

Г) Жалгыз Иса кырман четинде отурду.

6. «быкшы» сөзү кайсы этиш жасоочу мүчөнүн жардамы менен жасалды?

А) –ыш Б) – ыш+ы В) –шы Г) -ша

7.«үймөктө» сөзү кайсы этиш жасоочу мүчөнүн жардамы менен жасалды?

А) –та Б) –да В)-ла Г) –га

8. Кайсы сөз атоочтук боло алат?

Тапталган жорголор ат чабышта сыналган.

А) Тапталган Б)жорголор

В)ат чабышта Г)сыналган

**9. Белгиленген байламтанын маанисине карата түрүн аныкта.**

Театрга көп каражат бөлүнгөн, **<u>анткени</u>** өсүүсү артка кетип бара жаткандыгын билгем.

А) каршылагыч Б) байланыштыргыч

В) божомолдогуч Г)себеп

**10. Орфоэпиялык нормага ылайык айтылган сөздү көрсөт.**

А)кечке Б)омбеш

В) бүлбүл Г)куудул

**11. Лексико-семантикалык жол менен жасалган жаңы сөздү тап.**

А) кол Б) бол В) гол Г) сол

**12. Сөз айкашынын ээрчишүү байланышына мисалды белгиле.**

Эрмек араңжан тракторун капиталдык оңдоого алып барды

А) Эрмек алып барды

Б) араңжан тракторун

В) капиталдык оңдоого

Г) эч кандай байланыш жок

**13. Сөз айкашынын ыкташуу байланышына мисалды белгиле**.

Атам бала-чаканын ишине көп аралашчу эмес.

А) бала-чаканын ишине

Б) көп аралашчу эмес

В) атам аралашчу эмес

Г) эч кандай байланыш жок

**14. Сөз айкашынын таандык байланышына мисалды белгиле.**

Балам үч айдан кийин күлүп чыга келди.

А) балам чыга келди Б) үч айдан кийин

В) күлүп чыга келди

Г) эч кандай байланыш жок

**15. Белгиленген сөз сүйлөм мүчөсүнүн кандай милдетин аткарды?**

Жүрөгүмдүн **<u>лакылдашы</u>** башкача болду.

А) тактоочтук ээ

Б) тууранды сөз ээ

В) модаль сөз ээ

Г) сын атооч ээ

**11-класс. Кыргыз тили. 1-чейрек. 2-вариант. 2023**

**1. Кайсы сандын ордуна абзац коюу керек?**

Жаз өтүп, жайга кезек келди. (1) Июнь айынан баштап, алты айлык дипломдук практика өтөө учуру да келди. (2) Фрунзеге келери менен түз эле Эсенбек байкесинин үйүнө келди. (3)Байкесинин үйү да комбинатка жакын. (4)Эсенбек жүн иштетүү боюнча адис болгондуктан, комвоолдук комбинаттын начальниги болуп щайланган. (5) Анын жетегинде көп адам эмгектенет.

А) 1,4 Б) 1, 5 В)2,4 Г) 2,3

**2. Татаал сүйлөмдүн курамында канча жөнөкөй сүйлөм бар (Тыныш белгиси коюлган эмес.)?**

Алгач бат эле кетем го деген Аман эми аскердик турмушка биротоло бышып курсанттар арасында да офицерлер арасында да кадыр-барк күтө баштады.

А) 1 Б)2 В)3 Г)4

**3. Туунду тактооч катышкан сүйлөмдү тап.**

А) А кезде окуган окуум жакшылыктуу жуккан жок.

Б) Менин өмүрүмдүн көбү көлдүн жээгинде өттү.

В) Кара тумандай санаа да кемпирди алсыртаткан жок.

Г) Баламдын бир аз кубанганы жүрөгүмдү жылытты.

**4. Морфологиялык жол менен жасалган зат атоочту белгиле**.

А)орундук Б) төө тикен

В) ага-ини Г) кыял

**5.Аныктоочтук милдетти аткарган сын атооч катышкан сүйлөмдү белгиле.**

А)Кантсе да эски дос эстен кетпейт.

Б)Эскиликтин каарын тартып отурат.

В)Илгери алган буюмдарым эскирди.

Г)Үстүнө салган кийими эски көрүндү.

**6. «шекши» сөзү кайсы этиш жасоочу мүчөнүн жардамы менен жасалды?**

А) –ыш Б) – ыш+ы В) –шы Г) -ша

**7. .«самында» сөзү кайсы этиш жасоочу мүчөнүн жардамы менен жасалды?**

А) –ла Б) –да В) –та Г) –га

**8. Кайсы сөз атоочтук боло алат?**

Болор бала бешикте эле билинет.

А) Болор Б)бала

В)бешикте эле Г)билинет

**9. Белгиленген байламтанын маанисине карата түрүн аныкта.**

Бүгүн алардын абийири ачылды, **ошентсе да** мойнуна албай турду.

А) каршылагыч Б) байланыштыргыч

В) божомолдогуч Г)себеп

**10. Орфоэпиялык нормага ылайык айтылган сөздү көрсөт.**

А)тумма Б)басма В)казма Г)жапма

11. **Лексико-семантикалык жол менен жасалган жаңы сөздү тап.**

А) аймак Б) алкак

В) каймак Г)талпак

**12. Сөз айкашынын ээрчишүү байланышына мисалды белгиле.**

Катты алып, Алым келинчеги менен кеңешти.

А) Катты алып

Б)Алым кеңешти

В) келинчеги менен кеңешти.

Г) эч кандай байланыш жок

**13. Сөз айкашынын ыкташуу байланышына мисалды белгиле**.

Кимдин кайырмагына ким илингени өзү билет.

А) кимдин кайырмагына

Б) ким илингени

В) өзү билет

Г) эч кандай байланыш жок

**14. Сөз айкашынын таандык байланышына мисалды белгиле**

Менин жүрөгүм жаш балача шуу дей түштү.

А) менин жүрөгүм Б) жаш балача

В) шуу дей түштү

Г) эч кандай байланыш жок

**15. Белгиленген сөз сүйлөм мүчөсүнүн кандай милдетин аткарды?**

Сахнадагы **жаркылдашы** сулуулугун өзгөчөлөнттү.

А) тактоочтук ээ Б) тууранды сөз ээ

В) модаль сөз ээ Г) сын атооч ээ

**11-класс. Кыргыз тили. 1-чейрек. 3-вариант.2023**

**1. Кайсы сандын ордуна абзац коюу керек?**

Кеч бешимде велосипед тебүүгө жөнөйт. (1) Станцияда он эки велосипед тизилип турат. (2)Кечки тамактан кийин сейилдөө. (3) Басып келгенден кийин түнкү уйкуга чейин үч саат убакыт калат. (4) Мен көргөндөн эртең мененкисин сизден бөлөк эч ким чуркабайт. (5) Велосипед тепкендер дегеле жок.

А) 1,5 Б)3,5 В) 2, 4 Г)1,4

2. **Татаал сүйлөмдүн курамында канча жөнөкөй сүйлөм бар (Тыныш белгиси коюлган эмес.)?**

Күн көзүн жырта электе чобур атын сөпөңдөтүп ар кимдин эшигин каккылаган биригадирдин да бир райборборго бир конторго бир талаага чапкылаган башкарманын да жанын жайтаптырбай турган маал.

А) 1 Б)2 В)3 Г)4

**3. Туунду тактооч катышкан сүйлөмдү тап.**

А)Эртең мененкисин толкундар көл үстүндө болбойт.

Б) Азыркы учурда коомдо өзгөрүү абдан жүрүп жатат.

В)Капыстан терезеге дуу деп бир тийген ызгаар болду.

Г)Бул чөйрөнүн турмушун бузган бир нерсе гана болду.

**4. Морфологиялык жол менен жасалган зат атоочту белгиле**.

А) көз караш Б)сөздүк В)ата-эне Г) намыс

**5.Аныктоочтук милдетти аткарган сын атооч катышкан сүйлөмдү белгиле.**

А)Эрксизден чоңдорго баш ийди.

Б) Чоң сайда чөп чабык башталды.

В) Уулу башкалардан чоң көрүндү.

Г)Бала кездеги шаарыбыз да чоңойду.

**6. «шаңшы» сөзү кайсы этиш жасоочу мүчөнүн жардамы менен жасалды?**

А) –ыш Б) – ыш+ы В) –шы Г) -ша

**7. «токмокто» сөзү кайсы этиш жасоочу мүчөнүн жардамы менен жасалды?**

А) –ла Б) –да В) –та Г) –га

**8. Кайсы сөз атоочтук боло алат?**

Жерин сагынбас эр болбойт.

А)Жерин Б) сагынбас

В)эр Г)болбойт

**9. Белгиленген байламтанын маанисине карата түрүн аныкта.**

**Эгерде** ишти убагында бүтүрбөсөң,
башыңа түшкөн үймөк болот.

А) себеп Б)божомолдогуч

В) шарттуу Г) салыштырма

**10. Орфоэпиялык нормага ылайык айтылган сөздү көрсөт.**

А)баштуу Б)каштуу

В)чаштуу Г)таштуу

**11. Лексико-семантикалык жол менен жасалган жаңы сөздү тап.**

А) буун Б) муун

В) чөп Г) көп

**12. Сөз айкашынын ээрчишүү байланышына мисалды белгиле.**

Мен бардык нерсеге ыраазы элем.

А) Мен ыраазы элем

Б) бардык нерсеге

В) ыраазы элем

Г) эч кандай байланыш жок

**13. Сөз айкашынын ыкташуу байланышына мисалды белгиле.**

Мен калп айтканды Айжандан билдим.

А) мен билдим Б) калп айтканды

В) Айжандан билдим

Г) эч кандай байланыш жок

**14. Сөз айкашынын таандык байланышына мисалды белгиле.**

Өзүнүн мурда жаткан бөлмөсүнө жайгашты.

А) өзүнүн бөлмөсүнө

Б) мурда жаткан

В) бөлмөсүнө жайгашты

Г) эч кандай байланыш жок

**15. Белгиленген сөз сүйлөм мүчөсүнүн кандай милдетин аткарды?**

Суунун **шырылдаганы** мени ого бетер суусатты.

А) тактоочтук ээ

Б) туурaнды сөз ээ

В) модаль сөз ээ

Г) сын атооч ээ